УДК 37.013

ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МЕТОДДОРУ

Рамашева Ы, Найманбаев М,
Темирбаева Г
ЖАМУ, Жалал-Абад ш.

Аннотация

Бул илимий макалада негизинен окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн ар тараптан өнүгүү жана калыптандыруу үчүн күнүмдүк практикалык иш-аракети камтылган. Ошондой эле окуу процессинде мугалимдин өнүгүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасында окуучулардын окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн өнүгүшү байланышы чагылдырылган.

Annotation to the article.

This scientific article mostly includes the daily practical activities in order to develop comprehensively pupilsś reading skills and make them to get used to these activities. Except these things there have been discussed the connection of pupilsś enrichment of reading acknowledgements will be developed as a result of teachers ׳experience and or her professional development.

Окуучулардын мурунку билимдерин актуалдаштыруу, таанып билүү, активдүүлүктөрүн стимулдаштыруу. Мында түшүнүү жана өздөштүрүүнү белгилүү жагдайда колдонуу. Билим жана ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн калыптандырууда ар бир илим өзүнүн изилдөө предметине ылайык тигил же бул илимий методдорду тандап алат. Ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн калыптандыруу инсандын өнүгүүсүн мүнөздөөчү фактыларды ачуу, аны айкындоо, изилдөө жолдорун табуу болуп саналат. Ой жүгүртүү окуучулардын сабак учурунда өз алдынча ой жүгүртө албоосунун бирден бир себеби болуп, мугалимдер окуучуларга билим берүүдө рационалдык жолду таба албагандыгында деп эсептешет. Ойлоонун бул түрү азыркы учурда мектептерде кеңири колдонулууда. Ой жүгүртүүдө кубулуштардын, заттардын чыныгы, илимий байланыштарын табууга аракет жасалат. Мында ойлоо дедуктивдүү жол менен, б.а. жалпылыктан жекеликке конкреттүүлүккө аты-жөнү менен жүргүзүшөт. Бул жол окуучуларда ойлоо мүмкүнчүлүгүн арттырып, окутуунун жемиштүү болооруна шарт түзөт. Ойлоонун эки түрүн ар тараптан талдоо (анализдөө) менен, мурда окуучуларды жалпы түшүнүктөр менен тааныштырып, андан кийин жалпы түшүнүктөрдүн айрым элементтерин, көрүнүштөрүн талдаган учурда гана окуучуларды абстрактуу ой жүгүртүү үйрөтүү мүмкүн деген гипотеза сунуш болгон. Ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн калыптандырууда материалды эске сактоо үчүн ойлоо, аны уюштуруу, эсине сактоо каражаттарына ээ болуу ыктары бир канча эсе жогору өнүккөн. Окуулардын ойлоо иш-аракеттеринде абстрактуулук өнүгүп барат. Конкреттүү-образдуу ойлоо менен абстрактуу ойлоонун ортосунда күрөш жүрөт. Бирок, абстрактуу ой жүгүртүү өнүгүү этабында турат. Окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн, ойлоосунун өзгөчөлүгү анын

сынчылдыгында. Чыгармачылык ойлоону өнүктүрүүдө мугалимдин окуучуларга түзгөн шарты, ишеничи, сабактын методикалык жактан туура уюштурулушу негизги орунга ээ болот. Окуучулардын өз алдынча ой жүгүртө билишине акыл активдүүлүгү катар турган проблемалык суроолордун көлөмү чоң жардам берет. Психодиогностикалык методдор бул “метод” деген түшүнүктүн өзү ар түрдүү ой жорууларды пайда кылгандыктан, окумуштуулардын бардыгын ынандыра турган психологиялык методддордун классификациясы жок деп айтышкан.

Байкоо методу. Бул метод түрдүү, чыныгы, эркин ситуацияда личностун жүрүш-түрүшүн, кабыл алуу аракеттерин максаттуу үйрөтөт.

Тест методу бул сыноо, текшерүү деп которулат. Тест башка психологиялык методдорго караганда атайын түзүлгөн психодиогностикалык метод болуп саналат. Тестте изилдөөчү гипотезасына карап, объекти изилдей турган суроолордун тобун түзөт.

Эксперимент метод окуучуларды психикалык кубулуштардын активдүү, эркин жүрүш-турушун камсыз кылууга, атайын шартта өтүүчү метод болуп эсептелет.

Мында ишмердүүлүктү уюштуруу методдору тарбиялоо процессинин жыйынтыгы ар бир тарбиялануучунун аныктаган сапатын, мүнөзүн калыптандыруу менен мүнөздөлөт. Тарбиялоо процессинин ишмердүүлүктү уюштуруу методдору түздөн-түз сапаттарды калыптоого багытталган. Инсандын адамдык касиети бул жөн гана акыл түрүнүн эрежелерин билүү эмес аны өзүнүн мүнөзүнө жашоодогу өмүрдүн ишенимине, кредосуна айландыруу. Окутуу жана тарбиялоо процесинин ишмердүүлүктү жана коомдо өзүн алып жүрүүнүн уюштуруу методдоруна төмөнкү методдор кирет: окутуу, билим берүү, көнүгүү, педагогикалык жана психологиялык талап, коомдук пикир, тапшырма берүү жана өнүгүү тарбиялоо абалдары.

Үйрөтүү - өзүн-өзү алып жүрүүнүн нормаларын, эрежелерин түздөн-түз ишмердүүлүктүн негизинде, тактап айтканда өздүк үлгүнү кайталоо менен калыптоо методу. Тарбиялануучулардын ишмердүүлүгүн жана коомдо өзүн-өзү алып жүрүүнү уюштуруу методдорун аныкталган түшүнүк катары пайдаланып тарбиялоо методу деп аталат. Тарбиялоо процессинде аныкталган мүнөздү, сапатты калыптоодо тапшырма берүү методу эң жакшы жыйынтыктарды берет. Педагогикалык талап уюштурулуш формасы боюнча тике жана кыйыр болуп бөлүнөт. Аң-сезимди калыптандыруунун бирден бир методу бул-доклад. Доклад педагог тарабынан дагы, ар бир тарбиялануучу тарабынан дагы даярдалышы мүмкүн. Негизинен алганда тарбиялоонун коюлган максаттарына, мезгилине тарбиялануучулардын өздүк өзгөчөлүгүнө жараша колдонулушу керек. Тарбиялануучулардын ишмердүүлүгүн жана коомдо өзүн-өзү алып жүрүүнү уюштуруу методдорунун аныкталган турмуштук шарттарды пайдалануу, тарбиялоо абалдардын методу деп аталат. Инсандын ишмердүүлүгү ар тараптан өнүгүү жана калыптануу үчүн инсандын күнүмдүк практикалык иш-аракеттеринин жыйындысы болуп эсептелет. Ар бир инсан тигил же бул ишмердүүлүктү аткаруу менен гана өнүгүшү мүмкүн. Балдардын ишмердүүлүктөрүнүн негиздери-оюн, окуу, эмгектенүү. Оюн ишмердүүлүгү аныкталган образдарды аткаруу менен тигил же бул социалдык тажрыйбага ээ болушу. Окуудагы өнүгүүнүн өздүк активдүүлүгү окуу материалдарын жөн гана кабыл албастан, ага өзүнүн жеке ой-толгоосун пайда кылуу менен өздөштүрүүгө шарт түзөт. Ал эми өнүгүүнү эмгекетенүү ишмердүүлүгү бул аныкталаган тажрыйбаны пайда кылуу үчүн жүргүзгөн аракеттердин жыйындысы. Эмгекетенүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү менен гана коомдук тажрыйбаны өзүнө калыптай алат. Окуу процесинин жүрүшүндө эки ишмердүүлүк-мугалимдин окутуу ишмердүүлүгү жана өнүгүүнүн окуу-тануу ишмердүүлүгү орун алат. Азыркы мезгилге чейин көрсөтүлгөн ишмердүүлүктөрдүн байланышы, бири-бирине ар түрдүү пикирлер орун алат. Натыйжада окутуу методун аныктоодо дагы ар түрдүү багыттар кездешет. Алардын биринчи бөлүгү мугалимдин

ишмердүүлүгүн-ал жаңы окуу процессин башкаруучу жана багыттоочу ишмердүүлүк катары каралат. Окуучунун окуу-таануу ишмердүүлүгүн көпчүлүк учурда мугалим тарабынан окуу мазмунун берүүнүн ыкмасынан уюштуруунун түрүнөн көз каранды болот. Окуу процессинде мугалимдин окутуу ишмердүүлүгү менен өнүгүүнүн окуу-таануу ишмердүүлүгү бири-бирине байланыштуу, бири-бирин аныктап турат. Ошондуктан, көпчүлүк учурда окуу методу окутуу менен окуу-таанууну байланыштыруучу ишмердүүлүк катары карашат. Демек окутуунун методу-мугалимдин окутуу ишмердүүлүгү менен бирге окуучулардын жаңы материалды жогорку деңгээлде уюштуруу жана жүргүзүү, башкача айтканда окуу максатына жетүү ишмердүүлүгүн уюштуруу ыкмасы, жолу болуп саналат. Негизинен айтканда, окуу прцессинин жүрүшүндө эки ишмердүүлүк мугалимдин окуу-таану ишмердүүлүгү орун алат. Көрсөтүлгөн ишмердүүлүктөрдүн байкалышы, бири-бирине болгон катышы боюнча ар түрдүү пикирлер орун алат.

Тарбиялоо процессинин методу-тарбиялануучудан алдын-ала аныкталган сапаттарды калыптоо үчүн анын аң-сезимине, эркине таасир этүүсүн жолдору, ыкмалары. Негизинен алганда коюлган тарбиялоонун бир эле максатына ар түрдүү методдорду колдонуу менен жетсе болот. Тарбиялоонун методу өз учурунда бир же бир канча тарбиялоонун ыкмаларынан турушу мүмкүн. Тарбиялоо ыкмасы бул-методдордун айрым бир өзүнчө мааниге ээ бөлүгү.

Ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн методдоруна: аң-сезимди калыптандыруу методдору, ишмердүүлүктү уюштуруу методдору, стимулдаштыруу методдору.

1. Аң-сезимди калыптандыруунун методдоруна – тарбиялоо процесси эң биринчи ирет тарбиялануучуларга коомдо өзүн-өзү алып жүрүшүнүн нормалары жана эрежелери менен тааныштырууда башталат. Себеби тигил же бул сапатты калыптоо үчүн эң биринчи ирет ал сапатка ээ болуу зарылдыгын ачык, так түшүндүрүү керек. Демек, тарбиялоо ишмердүүлүгүндө ар түрдүү методдор менен түздөн-түз таасир этүү орун алат. Ошондуктан, тарбиялоо методдордун биринчи тобун аң-сезимди калыптоочу методдор деп аташат. Аң-сезимди калыптоочу методдорго төмөндөгүлөр кирет: аңгеме, түшүндүрүү, чечмелеп берүү, лекция, этикалык аңгеме.

Педагогикалык талап – тарбиялануучуда тигил же бул сапатты өркүнлөтүү же болбосо басаңдатуу максатында, аныкталган ишмердүүлүктү өткөзүүгө багытталган тарбиялоо методу. Педагогикалык талап уюштурулушу, формасы боюнча тике жана кыйыр болуп бөлүнөт. Тике педагогикалык талап конкреттүү, сөзсүз түрдө аткарууну талап кылган мүнөздө болуп, ишмердүүлүк тышкы текшерүүнүн алдында жүрөт. Бирок, тике талап дайыма эле күтүлгөн жыйынтыктарды алып келбейт. Ал эми педагогикалык кыйыр талап – сунуш, өтүнүч, ишеним, кубаттоо ж.б.у.с. Кыйыр талап тарбиялануучуда педагогдун кайрылуусу, сунушу боюнча ойлонууну, талдоону пайда кылып, андан сон тиешелүү кыймыл аракетти өзүнүн стимулунун негизинде жүрөт.

Адабияттар

1. Э. Мамбетакунов, Т. Сияев. Педагогиканын негиздери.
2. Хуторский А.В. Современная педагогика: Учебник для вузов.
3. Педагогика: Учебное пособие для студентов педагогических институтов. В. А. Сластенин.
4. Подласый И.П. Педагогика: Учебник. – М: Высшее образование, 2005.